УДК: 37.02(575.2) (043.3)
DOI: 10.35254/bsu/2023.65.76

**Сыдыкбаева М.**
**И. Абдраимов атындагы**
**Кыргыз авиациялык институту**
**Атабекова Б.**
**Баткен мамлекеттик университети**

## ЖАЗУУЧУ МЕЛИС МАКЕНБАЕВДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДАГЫ АДАМ ЖАНА КООМ ПРОБЛЕМАСЫ

Аннотация: Мелис Макенбаев он эки романы менен кыргыз романдарын сан жагынан гана көбөйтпөстөн, сапат жактан да жаңылык киргизип, жаңы бийиктикке көтөргөн жазуучу. СССРдин убагынан бери жетимиш, сексен жылдап жашырылып, жабылып келинген зым тикенектүү дүйнөнүн жашоосу, андагы жазылбаган мыйзамдар, эгемендүүлүк жылдарындагы рынок шарты, жумушсуздук, көпчүлүккө түшүнүксүз болгон, көрүп-көрбөгөн, билип-билбеген кыйын шарттагы жашоо тууралуу ачуу чындыктар анын чыгармаларынын тулкусун түзөт. Турмушта жолуккан адам мүнөздөрү, абактагы жашоо, андагы түркүн адамдар, кол тийгиз кылып түзүп алышкан мыйзамдар, адамдарга жасалган мамиле, ал жакта өзүн алып жүрүү эрежелери, эне тилин түрмө тилине которуусу, сыяктуу жай турмушта жашоо кечирип жаткан карапайым адамдардын түшүнүгүндө жок нерселер менен тааныштырган.

Түйүндүү сөздөр: кайталангыс талант, жаңычылдык, детектив жанры, бестселлер, кыргыз романистикасы, ачуу чындык, адам тагдырлары.

**Сыдыкбаева М.**
**Кыргызский авиационный институт**
**имени И. Абдраимова**
**Атабекова Б.**
**Баткенский государственный университет**

## ПРОБЛЕМА ЧЕЛОВЕКА И ОБЩЕСТВА В ТВОРЧЕСТВЕ ПИСАТЕЛЯ МЕЛИСА МАКЕНБАЕВА

Аннотация: Мелис Макенбаев – писатель, который своими двенадцатью романами не только увеличил количество кыргызских романов, но и внес новшества в плане качества и поднял их на новую высоту. Свод его произведений – это горькие истины о жизни в мире колючей проволоки, во времена СССР, неписаные законы, рыночная конъюнктура в годы независимости, безработица, жизнь в тяжелых условиях. Произведения его знакомят читателей с такими вещами, как жизнь в тюрьме, разнообразные люди в ней, неписаные тюремные законы, отношение к людям, правила поведения в тюрьме, перевод родного языка на тюремный, такие вещи, которые не были поняты обычными людьми, живущими обыденной жизнью.

Ключевые слова: неповторимый талант, новаторство, детективный жанр, бестселлер, кыргызская романистика, горькая правда, человеческие судьбы.

**Sydykbaeva M.**
**Kyrgyz Aviation Institute**
**named after I. Abdraimov**
**Atabekova B.**

**Batken State University**

**THE PROBLEM OF THE MAN AND SOCIETY IN THE WORKS OF THE WRITER MELIS MAKENBAYEV**

**Abstract:** Melis Makenbayev is a writer who, with his twelve novels, not only increased the number of Kyrgyz novels, but also introduced innovations in terms of quality and raised them to a new height. A set of his works are bitter truths about life in the world of barbed wire, during the Soviet era, unwritten laws, market conditions during the years of independence, unemployment, life in difficult conditions. His works introduce readers to such things as life in prison, various people in it, unwritten prison laws, attitude towards people, rules of behavior in prison, translation of their native language into prison, things that were not understood by ordinary people living everyday life.

**Keywords:** unique talent, innovation, detective genre, bestseller, Kyrgyz novelistics, bitter truth, human destinies.

Мелис Макенбаевдин чыгармачылыгына серп салып, жазуучунун ангемелеринен тарта барактаганыбызда, анын чыгармачылык изденүү жолундагы ийгилигинин тырмак алды катары бааланган аңгемелери да жазуучуга өз убагында роман жанырына кирүүнүн башаты катары кызмат кылып келгенин көрөбүз. Улуу дайра булактан куралган сыяктуу, улуу окуя да кичинекей иштен башталат эмеспи.

Акын жана жазуучу М.Макенбаевди элге тааныткан он эки романына чейин эле көптөгөн аңгемелерди жазып, алар байма-бай гезит журналдарга чыгып турган. Алсак: «Теректер жалбырагын күбүгөндө», «Күн дайыма бирдей», «Жамгыр жууган издер», «Манасчы», «Күрөш», «Сүрөтчү менен кыз”, «Көл боюндагы үй», «Кумдагы издер», «Толкундар ала салат», «Өмүр кечи», аңгемелери, «Албуут деңиз», «Алдас урган эне-балык», «Кыргыз жери» аттуу аңгеме, повестери жазылган экен. Жазуучунун аңгемелери жарык көргөн жылдарды карап отуруп, чыгармачылыгы эрте эле башталгандыгын, анан да ушундай ылдамдыкта, белсенип иштегендигин, ал аңгемелердин басма беттерине да арт-артынан чыгып турганынан улам жазуучудагы чыгармачылык бай таланттын мол экенен, ал жылдары жазуучулук талантынын ташкындап башталганынан кабар берет.

Советтер Союзу деп аталган улуу держава кулап, он беш союздук респуликалар өз алдынча мамлекет болуп, жаңыча жашоо башталып, эл жаңы жашоого, рынок шартына көнүп, көнбөй турган кезде М.Макенбаев түрмөдөн чыгып келет. Экинчи ирет абактан чыккан соң кайрадан жазуучулукка белсенип киришкен.

1992-жылдан 2002-жылга чейинки аралык Мелис Макенбаев он эки романы менен кыргыз романдарын сан жагынан гана көбөйтпөстөн, сапат жактан да жаңылык алып келип, жаңы бийиктикке көтөргөн жылдар экенин танууга болбойт. Жазуучунун чыгармаларын окуп отуруп, кыргызда деги кайталангыс таланттар кезек-кезеги менен келип тураарына дагы бир жолу таң бересиң. Чынында эле М.Макенбаев кайталангыс талант. СССРдин убагынан бери жетимиш,

сексен жылдап жашырылып, жабылып келинген зым тикенектүү дүйнөнүн жашоосу, андагы жазылбаган мыйзамдар, эгемендүүлүк жылдарындагы рынок шарты, жумушсуздук, көпчүлүккө түшүнүксүз болгон, көрүп-көрбөгөн, билип-билбеген кыйын шарттагы жашоо тууралуу ачуу чындыктар анын чыгармаларынын тулкусун түзөт.

Ооба, чынында М.Макенбаев үчүн өмүрүнүн акыркы он жылы өзгөчө эргүү, чыгармачылыгынын зор ылдамдык алган жылдары болгон десек жаңылышпайбыз. Он жылда он эки романы китеп болуп чыккан. Кыргыз адабиятында али кол тие элек темадагы мынча романы менен келиши чынында биздин адабиятыбыз үчүн да болуп көрбөгөндөй толуктоо болуп саналат. Керек болсо жаңы жанрды ачып, СССР убагында да сыры ачылбаган, түрмө темасын, ал жактагы жашоонун чыныгы күзгүсүн чагылдырып, жазып, калтырып кетти. Чынында, романдарында кемчиликтер жок эмес. Бир беткейлик орун алып кеткени көп эле кездешет. Алсак, укук коргоо кызматкерлерин такыр эле калыс эмес, теңсиз кылып сүрөттөйт. Бирок, мындай өксүктөр жазуучунун кыргыз адабиятына кошкон салымын, чоң эмгегин кымындай да ылдыйлата албайт. Убагында, М.Макенбаевдин китептери колдон түшпөй окулуп келген. Бүгүн болсо эч кимден жашыруун эмес, эл китеп окубайт. Чынында жаш муунду китеп окута албай калган учурда кайрадан эле М.Макенбаевдин детектив жаатында жазылган романдары өтө зарыл. Детектив демекчи жазуучу өзүнүн берген бир интервьюсунда: “Менин романдарым детектив жанрына жатпайт. Алар бестселлер деген адабий жанрга кирет. Эркинирээк эссе сыяктуу жазасың. Дүйнөлү адабиятта да ушул жанр көбүрөөк колдонулат. Окуялар курч сүрөттөлөт”,- деген эле жазуучу.

Ошентип, 90-жылдарда кыргыз романистикасынын жаңы бир салаасы катарында детектив романдары пайда болду. Өзгөчө бул багытта Мелис Макенбаевдин чыгармачылык чабыты күчтүү болду десек болот. Анын чыгармалары көркөмдүгү жагынан, окуяларынын курчтугу жагынан, эң негизгиси турмуш чындыгынан алынгандыгы менен өзгөчөлөнөт. Анын бул ийгиликтери автордун жеке өзүнүн каармандарын жакындан билиши жана аларга баа берүүдөгү калыстыгында болсо керек. Жазуучунун дээрлик бардык чыгармалары коомдун изоляцияланып калган бөлүгү болгон абактагылардын жашоосун ар тараптуу чагылдырууга арналган. Көркөм адабиятты М. Горький «человековедение» – «адамды билүү», «адамды таануу», «адамды түшүнүү» деп айтканы бар. Азыркы шартта бирок адабиятка «билүү», «таануу», «түшүнүү» делген терминдер менен чектелүү болбой калды. Анткени көркөм адабият адамдын жан дүйнөсүн, рух дөөлөтүн байытууга, коомдогу көрүнүштөргө ар бир инсанга жеке баасын берүүгө үйрөтүү милдетин аткара баштаганы качан! Маалымат таратуу өзгөчө «технологиялык бум» күн санап темп алган маалыматташуу шартында көркөм чыгармага жаштардын көңүлүн бурдуруу, аларды этектен тартып китеп окутуу кыйынга турууда. Өзгөчө жаш муунду китепке үңүлтүүнүн бүгүнкү күндөгү бирден-бир жолу жогорку деңгээлде жазылган детективдик чыгарма болуп тургандай. Дегенибиз детективдик курч окуялардын фонунда гана окуучу башка жанрлардагы чыгармаларга кайрылуусу мүмкүн.

Мына ушул жагынан алып караганда да М. Макенбаевдин чыгармалары олуттуу тарбиялык мааниге да ээ.

90-жылдардагы кыргыз романдарынын ичинен акын жана жазуучу Мелис Макенбаевдин «Бөрүлөрдүн чыйыры» (1994), «Карышкырдын белети» (1996) «Пресс-хата» (1998) аттуу романдары адам, коом проблемасын ар тараптан, жаңыча, болгондо да кыргыз романисттеринин али колу тие элек темада «кылмыш дүйнөсүнөн» чөлкөмүндө иликтеген чыгармалардан болду десек жаңылышпайбыз.

Адамдын шыбагасына ар нерсе жазылаары белгилүү. Ошол ар бир эле адамдардын өзүнүн жеке «менинде», жан дүйнөсүндө канчалаган кайгы-кубаныч, үмүт-тилек, кээде маңдайы жарыла кубануу, кээде болуп көрбөгөндөй өкүнткөн өксүүлөргө да кезигет. Бирок, чыныгы адам гана канчалык кыйынчылыкта жашабасын өзүнүн адамдык нарк-насилинде калат. Керек болсо «адепсиздиктен да адептүүлүктү үйрөн» деген накыл кеп сыңары өзгөчө кырдаалда, түркүн мүнөздүү адамдардын ичинен да жакшы болууга тарбияланат тура. Жазуучунун «Карышкырдын белети» аттуу романдарында Советтер союзу деп аталган чоң державанын кулап, анын курамындагы он беш союздук республика өз алдыларынча мамлекет болуп, жаңыча жашоо кечирип жатышкан убак. Жалпы эле эл рынок шартына толук көнүп кете албай, кыйналып, жумушсуздук күчөп, жан багуунун түркүн аракетин баштарынан өткөрүп жатышты. Ошол учурда жаштардын оор абалы, денесин саткан кыздар, “зектер”, турмуштун ар баскычында турган бай-кедей адамдардын жашоосу сүрөттөлөт. Башкы каарман Карыпбек “зонадан” бошонуп чыккандан кийинки жашоо баштаган күндөрү, андагы ачуу чындыкты өз көзү менен көрүп, ошол кездин булганыч да, таза да жактарына аралашат.

«Бөрүлөрдүн чыйыры», «Зона», «Карышкырдын белети» романдарында сүрөттөлгөн окуялар өз ара бирин-бири улап, толуктап жүрүп олтурат. Трилогия деп айтууга негиз берген бул романдын башкы каарманы – Карыпбек. Ал «Бөрүлөрдүн чыйыры» романында уй уурдап саткан досу менен чогуу ичишкендиги үчүн кармалып суракта алты ай жатканы сүрөттөлөт. Кийин уй уурдаган досу болгон чындыкты өз мойнуна алып, Карыпбекте эч күнөө жоктугун айтса да, тергөөчүнүн: « … кеч болуп калды, мыйзамды аттоо деген оңой эмес, жана аны жалгыз мен ойлоп чыгарган жокмун», [.78.]– деп, закон алдындагы алсыздыгынанбы же өз ишине берилбегендигиненби же башкача болтурууга болбой турган биздин «жазылып калган», аны оңдоого болбой турган мажес закондорубуздун адам тагдырына арачы боло албай калышыбы айтор, каарман ак жеринен караланат.

“Адам өмүрүндө бир жолу жаңылды, аны сөзсүз соттоо керекпи, тикенек зым менен тосулган “лагерь” деп аталган туңгуюкка сөзсүз түрдө түртүп ийүү керекпи? Анын келечеги эмне болот, же өлкө үчүн баары бирби? Сөзсүз түрдө андан “ көк жал” не ”Көркоону” тарбиялап чыгаруу өтө зарылбы?” - деген жери бар романда. Айткандай эле адамды “түзөтүүнүн“ бир эле жолу барбы бул жашоодо? Адамды болоор болбос жаңылыштыгы үчүн сөзсүз эле камап, түрмөгө отургузуш керекпи? Гумандуулук деген каякта? Аттиң, ушул жерден Гурам

Асатаинин : “Гуманизация - адамды урматтоо гана болуп калбастан элден мурун ал адамдын рухий күчүнө толук ишенүү, граждандык активдүүлүгүнө ишене билүү, жандуу индивиддин, реалдуу адамдын ички дүйнөсүнө кызыга алуу” - дегени эске түшөт[1.129].

Кара өң...кара ундан атайы түрмөдөгүлөр үчүн деп бышырылган нан, кара кийим, кара төшөнчү, эч кебелбей канча тагдырларды, канча адамдык паразатты мүлжүгөн муздак дубалдар, төөнүн көзүндөй кылып кураган темир тор... Баары-баары биротоло ошол адамды карартып, баш көтөргүс кылып, чөктүрүп салууга даярдалгандай. Адамдын эң бир таза сезимдерин ой тилегин, үмүтүн, максатын тып-тыйпыл кылууга багытталгандай. Мелис Макенбаевдин өз сүрөттөөсүндө ушул кара түскө катуу басым жасашы бекеринен эмес. Ал бул романда кылмыш кылган адамдын кара ниетин көрсөтпөстөн, тескерисинче, түрмөгө түшкөн адамга жасалган моралдык-психологиялык кысымдын символу катары берилген. Түрмөгө түшкөн адам кандай себеп менен түштү, кимдир бирөө себепчи болдубу, кимдир бирөө түрттүбү, бирөө кедерги болдубу же жөн эле жерден жалган жалаага кабылдыбы. Аны закон коргоочулары тактап, аңдап-карап отурбагандыгы күнөөдөн ашкан күнөө эмеспи? Адамдын кызыкчылыгын, укугун коргоочу адам укугун коргобой эле, тескерисинче адамды каралап жок кылуу максаты же башка дагы максаттар бар экенин, коомдо бул маселеге көңүл бөлүнбөй жатышына жазуучу коомчулуктун көңүлүн бөлгүсү келген. Советтик мезгилде бул маселе маселенин маселеси катарында күн тартибинде турган. Улуу жазуучу Ч.Айтматовдун «Чыңгыххандын ак булуту» повестиндеги Тансыкпаевдин (1937-жылдагы көрүнүш болсо) бүгүн деле адам тагдыры менен ойноп жатышына эмне демекпиз? «Бөрүлөдүн чыйыры» романындагы окуялардын өзөгүн түзгөн бул суроо чыгармада ар түрдүү кырдаалдарда терең иликтенет.

Уурулук менен кармалган 18 жаштагы жигит алты жыл күчөтүлгөн тартип менен жаза өтөөгө соттолсо, дагы бирөө өмүр бою түрмөдө отуруп, турмуштун аркы-беркисин түшүнүп, чындап оңолууну көздөп, үй-бүлөө күтүп, ак иштеп, адал жолго түшө баштаган Рем аттуу шордуууга бирөөлөрдүн кедергиси тийип, кайрадан түрмөдө отурууга туура келет, “ эми чыксам 67 жашка чыгат экемин”, - деп сыздайт. Деги, ал убакта андай алсыз-күчсүз, үй-бүлөсү жок, үстүндө үйү жок, казанында ашы жок үлдүрөгөн чалдын кимге кереги болмокчу? Романда Ремдин күнөөсүз күнөөлүү болуп калганын автор реалдуу ишенимдүү турмуштук кырдаалда сүрөттөйт. Бирок бул жолу да укук коргоочулар иштин чоо-жайын терең изилдебестен, үстүртөн бүтүм чыгарышат. Суроо туулат: Коомго ушундай көчөдө калгандардын саны керекпи? Кара күчү толуп, акыл-эси да барында өзүнө да, өзгөгө да, коомго да пайдалуу иш кыла албай адилетсиз кесилип, түрмөдө жатса, өзүнүн актыгын далилдөөгө эч мүмкүнчүлүгү жок болсо адамга мындан өткөн трагедия барбы?

Автор Карыпбек менен Ремдин тагдырлары аркылуу биздин сот системабыздын негативдүү жактарын ичтен ачып берүүгө аракеттенген. Ар кандай шарттар менен кылмышкер кейпин кийгендер кимдер? Алар да, биздин коомдун мүчөсү, адамдар. Ошондуктан адамдарга

тиешелүү сапаттар: аёо, сагынуу, эркиндикти эңсөө, боорукерлик ж.б. сапаттар да аларга эч кандай жат эмес. Бирок ал сезимдер түрмөдө баары тумчуланып, сыз тарткан төрт дубалдын курчоосунда калат.

“Эркиндик” деген сөз күнүмдүк жашоо менен алп урушуп жүргөн адамдын баарын эле ойго сала бербейт. Күнүмдүк көр тирликтин куушмай оюнуда кубалашып кетип бараткан пендеге баркы, наркы билинбей өтө берет эмеспи. ”Колдо бар алтындын баркы жок” демекчи эркиндиктин баасы жогорудагы зым тор артындагыларга кол жеткис. Качан гана адамдын башына күн түшсө ошондо ар нерсенин баркы билинээри талашсыз.

Жалпы журтка төбөсу көрүнүп, өз окурман чөйрөсүн таап калган чагында шум ажал акын жана жазуучу Мелис Макенбаевди арабыздан күтүүсүздөн кайткыс жолго алып кеткен. Ал адабият чөйрөсүндө эч кимге окшобогон, эч кимди кайталабаган өз стили бар, өз темасы бар жазуучу эле. Керек болсо кыргыз адабият дүйнөсүнө эч кимдин колу тие элек теманы жазып, жаңылык менен келип кирген.

Бул дүйнөдөн канчалаган залкарлар өткөн. Ошол берендердин арасында өзүнүн эч кимге окшобогон таланты, кайталангыс чыгармалары менен, адамкерчилиги, руханий бийиктиги менен ташка тамга баскандай из калтырган жазуучу. Жазуучу өзүнүн аз жашаган өмүрүндө кыргыз адабияты үчүн опол тоодой эмгек калтырып кеткен. Турмушта жолуккан адам мүнөздөрү, абактагы жашоо, андагы түркүн адамдар, кол тийгиз кылып түзүп алышкан мыйзамдар, адамдарга жасалган мамиле, ал жакта өзүн алып жүрүү эрежелери, эне тилин түрмө тилине которуусу, сыяктуу жай турмушта жашоо кечирип жаткан карапайым адамдардын түшүнүгүндө жок нерселер менен тааныштырды. Кыргыз адабиятын өзүнүн эч кимге окшобогон каармандары менен толуктады. Анын чыгармаларындагы каармандардын мүнөзүн түзүп, анын иш-аракеттерине психологиялык анализ берүүдө негизги көркөм каражаттардын бири болгон көркөм портрет ары туруктуу, ары ийкемдүү, ары жандуу тартылып, ал каармандын ички дүйнөсү менен шайкеш берилет да эң башкысы чыгарманын идеялык мазмунуна баш ийдирилип турат. Ошондуктан М.Макенбаевдин каармандарынын психологиялык портрети окурмандын сезимин бийлеп, анын жан дүйнөсүнөн түбөлүк орун алат. Анын чыгармаларынан чындыктын үнү угулуп турат.

**Адабияттар**


1. Гурам Асатаинин / Текст. Дружба народов, 1974, №2,-с.129.
2. Исанов Д. «Жашап жазган жазуучу», «Жаңы агым» («Кыргыз гезиттер айылы»), 09.01.2015
3. Макенбаев М. Бөрүлөрдүн чыйыры.-Б.,1994, 78-б
4. Осмоналиев Калыбай «Макенбаевдин жети романы жөнүндө»,«Кыргыз туусу»,26-28-август, 1997.
5. Сыдыкбаева М. « Кыргыз Бальзагынын мурастары», «Кыргыз туусу», 23-октябрь, 2012-

жыл.
6. Сыдыкбаева М. М. “ Мелис Макенбаев” , -Б.; 2019, 88б.